КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
КАРКЫРА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КАРКЫРА

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 4- сессиясы

# Т О К Т О М

**22-январь 2025 ж № 22** **Талды-Суу айылы.**

**«Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматына Каркыра авто – жол көзөмөлдөө – өткөрүү пунктун куруугa суралып жаткан 7,14 га жер аянтын трансформация кылуу үчүн макулдук берүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматына «Каркыра авто – жол» көзөмөлдөө – өткөрүү пунктун куруугa суралып жаткан 7,14 га жер аянтын трансформация кылуу үчүн Каркыра айыл өкмөтүнүн жер жана агрардык маселелер боюнча 07.02.2025 – жылы чыгарылган № 34 протоколу, «Кыргызмамжердолбоорлоо» жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ысык – Көл филиалынан 11.02.2025 – жылы чыгарылган аныктамасы жана Жер кодексинин 32 – беренесинин 4 - пунктуна ылайык Каркыра айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматына «Каркыра авто – жол» көзөмөлдөө – өткөрүү пунктун куруу үчүн Каркыра айыл аймагынын Каркыра айылынын түндүк – батыш тарабында жайгашкан Кара – Кемер участкасынан № 3 – 3,43 га кайрак айдоо жана № 9 – 3,30 га кайрак айдоо жалпы 6,73 га кайрак айдоо жер аянтын айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргоо жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматына «Каркыра авто – жол» көзөмөлдөө – өткөрүү пунктун куруу үчүн Каркыра айыл аймагынын Каркыра айылынын түндүк – батыш тарабында жайгашкан Кара – Кемер участкасынан № 5 – 0,41 га жайыт жер аянтын айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргоо жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

3. Токтомду бекитип берүү жагы Түп райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Каркыра айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**